# ЭФОТК (IFRIC) 21 түшүндүрмөсү
# *«Милдеттүү төлөмдөр»*

## Шилтемелер

- *«Финансылык отчеттуулукту берүү»* ФОЭС (IAS) 1
- *"Эсеп саясаты, бухгалтердик баалоолордогу өзгөртүүлөр жана каталар*" ФОЭС (IAS) 8 ,
- *«Пайда салыгы»* ФОЭС (IAS) 12,
- *«Мамлекеттик субсидияларды эсепке алуу жана мамлекеттик жардам жөнүндө маалыматты ачып көрсөтүү»* ФОЭС (IAS) 20
- *«Байланыштуу тараптар жөнүндө маалыматтарды ачып көрсөтүү»* ФОЭС (IAS) 24
- *«Аралык финансылык отчеттуулук»* ФОЭС (IAS) 34
- *«Бааланууччу милдеттенмелер, шарттуу милдеттенмелер жана шарттуу активдер»* ФОЭС (IAS) 37
- *«Спецификалык рыноктогу ишмердүүлүккө байланыштуу келип чыккан милдеттенмелер – мөөнөтүн иштеп бүткөн электрдик жана электрондук жабдуу»* ЭФОТК (IFRIC) 6 түшүндүрмөсү.

## Баштапкы маалымат

1 Мамлекет ишкана үчүн милдеттүү төлөмдөрдү белгилей алат. Эл аралык финансылык отчеттуулугунун түшүндүрмөлөрү боюнча комитетине алардын төлөөчүлөрү болуп саналышкан ишкананын финансылык отчеттуулугундагы милдеттүү төлөмдөрдү эсепке алуу боюнча көрсөтмөлөрдү берүүгө суроо-талап түштү. Маселе *«Бааланууччу милдеттенмелер, шарттуу милдеттенмелер жана шарттуу активдер»* ФОЭС (IAS) 37ге ылайык эсепке алууда чагылдырылган милдеттүү төлөмдү төлөө боюнча милдеттенмени таануу учурун аныктоодо турат.

## Колдонуу чөйрөсү

2 Ушул түшүндүрмө милдеттүү төлөмдү төлөө боюнча милдеттенмени эсепке алуунун тартибин караштырат, эгер мындай милдеттенме ФОЭС (IAS) 37нин колдонуу чөйрөсүнө кирсе. Ушул түшүндүрмө мөөнөттөрү жана суммасы аныкталуу болуп саналган милдеттүү төлөмдү төлөө боюнча милдеттенмени эсепке алуунун тартибин да караштырат.

3 Ушул түшүндүрмө милдеттүү төлөмдү төлөө боюнча милдеттенменин таанылышына шартталган чыгымдарды эсепке алуунун тартибин караштырат. Ишканалар милдеттүү төлөмдү төлөө боюнча милдеттенменин таанылышы активдин же чыгашанын пайда болушуна алып келээрин аныктоо үчүн башка ФОЭСтерди колдонууга тийиш.

4 Ушул түшүндүрмөнүн максаттары үчүн милдеттүү төлөм деп мыйзамга (б.а. мыйзамдарга жана бөлөк ченемдик-укуктук актыларга) ылайык мамлекет тарабынан ишканага салынган,

© ФОЭС Фонду

экономикалык пайдаларды камтыган ресурстардын чыгарылышы жана төмөндөгүлөр болуп саналбаган түшүнүлөт:

(a) башка ФОЭСтердин колдонуу чөйрөсүнө кирген ресурстардын чыгарылышы (мисалы, *«Пайда салыгы»* ФОЭС (IAS) 12нин колдонуу чөйрөсүнө кирген пайда салыгынын бөлүгүндөгү); жана

(b) мыйзамдарды бузуу үчүн салынган айыптар же бөлөк жазалар.

“Мамлекет” деп өкмөт, алар жергиликтүү, улуттук же эл аралык экенине карабастан өкмөттүк органдар жана мамлекеттик бийликтин башка органдары түшүнүлөт.

5 Мамлекет менен келишим боюнча сатылып алынган активдер же көрсөтүлгөн кызматтар үчүн жүргүзүлгөн төлөм милдеттүү төлөмдүн аныктамасына туура келбейт.

6 Ишкана ушул түшүндүрмөнү абага чыгууларга квотаны соодалоо системасы байланыштуу келип чыккан милдеттенмелерге карата колдонууга милдеттүү эмес.

## Суроолор

7 Милдеттүү төлөмдү төлөө боюнча милдеттенмени эсепке алуу тартибин түшүндүрүү максатында, ушул түшүндүрмөдө төмөнкү суроолор караштырылат:

(a) Эмне милдеттүү төлөмдү төлөө боюнча милдеттенмени таанууга алып келүүгө милдеттендирүүчү окуя болуп саналат?

(b) Алдыдагы мезгилде ишмердүүлүктү улантуунун экономикалык зарылчылыгы мындай алдыдагы мезгилде ишмердүүлүктүн жүргүзүлүшүнө байланыштуу келип чыккан милдеттүү төлөмдү төлөөгө карата конструктивдүү милдетти түзө алабы?

(c) Ишмердүүлүктүн үзгүлтүксүздүгү тууралуу божомол ишканада алдыдагы мезгилде ишмердүүлүктүн жүргүзүлүшүнө байланыштуу келип чыккан милдеттүү төлөмдү төлөөгө карата милдеттин болушун түшүндүрө алабы?

(d) Милдеттүү төлөмдү төлөө боюнча милдеттенмени таануу убакыт мезгилинин аралыгында бир гана жолу же, айрым учурларда, акырындык менен жүргүзүлүүгө тийишпи?

(e) Эмне айрым минималдык босоголук мааниге жетишүүдөн келип чыккан милдеттүү төлөмдү төлөө боюнча милдеттенмени таанууга алып келүүгө милдеттендирүүчү окуя болуп саналат?

(f) Жылдык отчеттуулуктагы жана аралык финансылык отчеттогу милдеттүү төлөмдү төлөө боюнча милдеттенмени таануу принциптери бирдей элеби?

## Консенсус

8 Милдеттүү төлөмдү төлөө боюнча милдеттенмени таанууга алып келүүгө милдеттендирүүчү окуя болуп ишмердүүлүк саналат, анын натыйжасында милдеттүү төлөмдү төлөө милдети мыйзамга ылайык келип чыгат. Мисалы, эгер аны жүргүзүүнүн натыйжасында милдеттүү төлөмдү төлөө боюнча милдеттенме келип чыккан ишмердүүлүк

© ФОЭС Фонду

учурдагы мезгилде түшкөн киреше болуп саналса, а мындай милдеттүү төлөмдү эсептөө мындан мурунку мезгилдеги түшкөн кирешеге негизделген болсо, мындай милдеттүү төлөм үчүн милдеттендирүүчү окуя болуп учурдагы мезгилде түшкөн киреше саналат. Мындан мурунку мезгилде кирешенин түшүүсү учурдагы милдеттин келип чыгышынын зарыл, бирок жетиштүү эмес шарты болуп саналат.

9 Алдыдагы мезгилде ишкананын ишмердүүлүгүн улантуунун экономикалык зарылчылыгы мындай ишканада ушундай алдыдагы мезгилде ишмердүүлүктүн жүргүзүлүшүнө байланыштуу келип чыгуучу милдеттүү төлөмдү төлөөгө карата конструктивдүү милдеттин келип чыгышына алып келбейт.

10 Ишмердүүлүктүн үзгүлтүксүздүгү тууралуу божомолдордун негизинде финансылык отчеттуулуктун түзүлүшү ишканада алдыдагы мезгилде ишмердүүлүктү жүргүзүүнүн натыйжасында келип чыгуучу милдеттүү төлөмдү төлөөгө карата милдеттин болушун түшүндүрөт.

11 Милдеттүү төлөмдү төлөө боюнча милдеттенме акырындык менен таанылат, эгер милдеттендирүүчү окуя убакыт мезгилинин ичинде болуп өтсө (б.а. эгер анын натыйжасында милдеттүү төлөмдү төлөө милдети мыйзамга ылайык келип чыккан ишмердүүлүк убакыт мезгилинин аралыгында жүргүзүлсө). Мисалы, милдеттендирүүчү окуя болуп убакыт мезгилинин аралыгында түшкөн киреше саналса, тиешелүү милдеттенме ишкананын мындай түшкөн кирешени кантип алганына жараша таанылат.

12 Эгер милдеттүү төлөмдү төлөөгө карата милдет айрым минималдык босоголук мааниге жетишүүнүн натыйжасында келип чыкса, мындай милдет менен шартталган милдеттенмени эсепке алуу ушул түшүндүрмөнүн 8 – 14-пункттарында (атап айтканда, 8 жана 11-пункттарында) белгиленген принциптерге ылайык келүүгө тийиш. Мисалы, эгер милдеттендирүүчү окуя болуп ишмердүүлүктүн минималдык босоголук маанисине жетишүү саналса (түшкөн кирешенин же жүргүзүлгөн сатуулардын минималдык көлөмү, же болбосо өндүрүлгөн продукциянын минималдык саны сыяктуу), тиешелүү милдеттенме мындай минималдык босоголук мааниге жетишүүдө таанылат.

13 Аралык финансылык отчетто ишкана жылдык финансылык отчеттуулуктагы ошол эле таануу принциптерин колдонот. Мунун натыйжасында аралык финансылык отчетто милдеттүү төлөмдү төлөө боюнча милдеттенме:

(a) аралык отчеттук мезгилдин аягында аны төлөөгө карата учурдагы милдет жок болгондо таанылууга тийиш эмес; жана

(b) аралык отчеттук мезгилдин аягында аны төлөөгө карата учурдагы милдет бар болгондо таанылууга тийиш.

14 Ишкана, эгер анда аны төлөөгө карата учурдагы милдети болбогондо милдеттүү төлөмгө алдын ала төлөм жасаса, активди таанууга тийиш.

© ФОЭС Фонду

## А тиркемеси
## Күчүнө кирүү күнү жана өткөөл жоболор

*Бул тиркеме ушул Түшүндүрмөнүн ажырагыс бөлүгү болуп саналат жана анын башка түзүүчүлөрү сыяктуу эле күчкө ээ.*

A1 Ишкана ушул түшүндүрмөнү 2014-жылдын 1-январынан же бул күндөн кийин башталуучу жылдык мезгилдер үчүн колдонууга тийиш. Мөөнөтүнөн мурда колдонууга жол берилет. Эгер ишкана ушул түшүндүрмөнү алда канча эрте мезгил үчүн колдоно турган болсо, ал бул фактыны ачып көрсөтүүгө тийиш.

A2 Ушул Түшүндүрмөнүн баштапкы колдонулушуна шартталган эсеп саясатындагы өзгөртүүлөр *«Эсеп саясаты, бухгалтердик баалоолордогу өзгөртүүлөр жана каталар»* ФОЭС (IAS) 8ге ылайык ретроспективдүү эске алынууга тийиш.

© ФОЭС Фонду